МАКУЛДАШЫЛДЫ
Окумуштуу кеңештин отуруму
№ 5 « 31 » 01 2025 г.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов ат. ЖАМУнун ректору
профессор К.Ж.Усонов
________________
«____»__________202_

**"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1.Жалпы жоболор

1.1. "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинде кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө жобосу (мындан ары - Жобо) КРнын Эмгек кодексинин, КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы ПЖ №295 Жарлыгы менен "Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы ПЖ № 243 "Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын, ЖАМУнун Уставынын жана башка КРнын укуктук-ченемдик актыларынын негизинде иштелип чыккан жана ЖАМУда төмөнкү кызмат орундарын ээлеп туруунун тартибин жөнгө салат:

- проректор;
- институттун директору (юридикалык жактын статусу бар институттун директорлорунан тышкары), директордун орун басары;
- кафедра башчысы;
- колледждин директору
- профессордук окутуучулук курам;
- түзүмдүк бөлүмдүн башчысы;
- башка кызматкерлер.

1.2. Жумушка кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык аныкталат.

1.3. Кызматкер кызматтык нускамада көрсөтүлгөн функционалдык милдеттерин аткарууга милдетүү, көрсөтүлгөн укуктарга ээ жана кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткаруу үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

## 2. Кызмат орундарын ээлөөнүн тартиби

2.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 5-февралындагы №45 токтомуна ылайык ЖАМУ профессордук-окутуучулук курамын дайындоо тартибин өз алдынча аныктайт.

2.2. ЖАМУнун профессор-окутуучулук курамына төмөндөгүлөр кирет: ассистент окутуучу, окутуучу, улук окутуучу, доцент, профессор.

ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамына кабыл алуу кафедра башчысынын сунушу менен жүргүзүлөт. ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамы кесиптик стандарттардын талаптарына жооп бериши керек (ушул Жобонун 1, 2-тиркемелери).

2.3. ЖАМУнун проректору, институттун директору, директордун орун басары, кафедра башчысы, колледждин директору кызматка дайындалганда дайындалып жаткан түзүмдүк бөлүмдүн же болбосо иштей турган тармактын перспективалык, өнүктүрүү, стратегиялык планын түзөт жана ошол пландын аткарылышына жооп берет. Ошондой эле планды аткарбагандыгы үчүн ээлеген кызматынан ректордун буйругу менен бошотулат.

2.4. ЖАМУнун проректорлору 5 жылга чейинки мөөнөт менен түзүлгөн келишимдин негизинде ректордун буйругу менен дайындалат.

2.5. ЖАМУнун институтунун директорунун, кафедра башчысынын, профессордун, доценттин бош кызмат орундарын ээлеп туруу (чет тилдер жана дене тарбия кафедралар үчүн) илимий даражасы болбосо да, профессорлор үчүн 10 жылдан кем эмес, доцент үчүн 5 жыл илимий-педагогикалык иш тажрыйбасы бар, жарыяланган илимий эмгектери, окуу-усулдук куралдары бар жана лекциялык сабактарды тиешелүү теориялык жана усулдук деңгээлде өткөрүүчү ЖАМУнун окутуучуларына уруксат берилиши мүмкүн.

2.6. Профессордун бош кызмат ордуна профессор наамы же илимдин доктору даражасы бар тиешелүү квалификациядагы адистерге уруксат берилет.

2.7. Доценттин бош кызмат ордуна доцент наамы бар же илимдин кандидаты даражасы бар тиешелүү квалификациядагы адистерге уруксат берилет.

2.8. Улук окутуучунун бош кызмат ордуна илимдин кандидаты даражасы бар же жогорку билимдуу, илимий-педагогикалык тажрыйбасы бар тиешелүү квалификациядагы адистерге уруксат берилет.

2.9. Окутуучунун, окутуучу ассистенттин бош кызмат ордуна илимдин кандидаты даражасы бар же жогорку билимдуу, жогорку окуу жайында 1 жылдан кем эмес илимий-педагогикалык тажрыйбасы бар тиешелүү квалификациядагы адистерге уруксат берилет.

2.10. ЖАМУнун кафедра башчысынын бош кызмат ордуна илимий даражасы бар, тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы адистерден алынат жана ЖАМУнун ректорунун буйругу менен 5 жылга чейинки мөөнөткө келишимдик негизде дайындалат.

Кафедра башчысы институттун директорунун сунушу менен кызмат ордуна

дайындалат.

2.11. ЖАМУнун институтунун директору кызмат ордуна тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы илимий даражасы бар адистерден алынат жана ЖАМУнун ректорунун буйругу менен 5 жылга чейинки мөөнөткө контракттык негизде дайындалат.

2.12. ЖАМУнун колледждеринин директорлору 5 жылга чейинки мөөнөт менен түзүлгөн келишимдин негизинде ректордун буйругу менен дайындалат.

2.13. Профессордук-окутуучулук курам менен бир жылга түзүлгөн келишим окуу жылынын аягында мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу бузулат.

2.14. ЖАМУдагы бош кызмат орундарды кызматкерлер 5 жылга чейинки мөөнөт менен түзүлгөн келишимдин негизинде ээлешет.

2.15. Өзүнүн кесиптик милдетин тиешелүү деңгээлде аткарган учурда кафедра башчысынын, институттун директорунун (башка түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин) өтүнүчү менен, адистин макулдугу менен университеттин ректору жаңы окуу жылына сынактык тандоосу жок келишим түзүшү мүмкүн.

2.16. Профессордук-окутуучулук иш эмгек келишимин түзүү үчүн милдеттүү түрдө сынактык тандоодон өтүү каралган.

2.17. Университет профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарына сынак өткөрүүгө 1 ай калганда сынак жарыялайт. Арыздарды берүү мөөнөтү сынак жөнүндө арыз жарыяланган күндөн тартып 1 айдан ашпайт. Талапкерлер арыз бергенден кийин педагогика жана психолгиядан милдетүү түрдө тесттен өтүүсү зарыл. Сынактык комиссия ректордун буйругу менен түзүлөт жана ишин жыл бою жүргүзөт. Сынактык тандоо арызды кабыл алууну, педагогика жана психологиядан тесттин жыйынтыгын кароону, аңгемелешүүнү жана ректорго сунуштарды киргизүүнү карайт. Комиссиянын чечими протокол менен таризделет. Талапкерлерди тандоодо анын илимий иши, илимий басылмаларда жарыяланышы, долбоорлорго катышуусу, чет тилин билүүсү, белгилүү бир тармактагы тажрыйбасы, уюштуруучулук жөндөмү жана баарлашуу жөндөмү артыкчылык болот.

2.18. Өзгөчө иретинде ректор сынактык тандоодон өтпөстөн төмөнкү адистер менен эмгек келишимин түзө алат:

- чакырылган адистер;
- академиялык мобилдүүлүк менен келген адистер;
- студенттердин практикаларын өткөрүү, иш ордунда окутуу жерлеринде иштеген адистер.

**3. Кызматкерлер менен келишимди токтотуу үчүн негиздер**

3.1. ЖАМУнун жетекчисинин демилгеси менен эмгек келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотууга төмөнкү учурларда жол берилет:

- ЖАМУнун уставын, локалдык ченемдик актыларын бузганда;
- штаттардын кыскартуусу (окуу жүктөмүнүн кыскартуусу);
- окутуучунун ден соолугунун абалы ээлеген кызматына тоскоолдук болот (оорунун узактыгы тынымсыз 4 айга созулганда) деп медициналык мекеме тарабынан таанылганда;
- окутуучу келишимдин шарттарын бузганда (ошондой эле ЖАМУнун уставын сактабаганда, ички тартип эрежелерин бузганда, жумуштун жекече планын аткарбаганда, контракт менен шартталган ишти же окуу сабактарынын бекитилген жадыбалына ылайык ишти жүйөлүү себептер боюнча аткарууга мүмкүнчүлүгү жок экендигин администрацияга өз убагында билдирбесе);
- ушул жобонун 2.3. пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлер жылдык перспективалык, өнүктүрүү, стратегиялык планын аткарбаган учурда алар менен түзүлгөн эмгек келишими бузулуп, ээлеген кызматынан ректордун буйругу менен бошотулат;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде каралган башка негиздерде.

3.2. ЖАМУнун ректоруна, Окумуштуулар кеңешине профессордук-окутуучулук курамдын ээлеген кызматына ылайык келбеген маселесин карап чечим чыгаруу укугу берилет.

3.3. Проректор, директор, директордун орун басары кызмат орундарын эмгек келишимдерин түзүү убактысына карабастан, 65 жаштан ашпаган курактагы адамдар ээлейт. Аталган кызмат орундарын ээлеген жана ушул куракка жеткен адамдар ээлеген кызматтарынан бошотулат. Ректор Окумуштуулар кеңешинин сунушу боюнча проректордун, директордун, директордун орун басарын кызмат ордунда болуу мөөнөтүн 70 жашка чыкканга чейин узартууга укуктуу.

3.4. Педагогикалык кызматкердин ээлеген кызматына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселени ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде чечээрде анын ишин ректор тарабынан бекитилген комиссия текшерүү жүргүзөт.

3.5. Педагогикалык кызматкердин лекцияны окуусу, практикалык жана семинардык сабактары канааттандырарлык эмес болгон учурда, илимий, усулдук жана тарбиялык иштерин төмөнкү деңгээлде жүргүзсө, ал жумуштан бошотулат.

3.6. Кафедра башчысы кафедраны жетектөө боюнча милдеттерин канааттандыраарлык аткарбаганда ээлеген кызматынан бошотулат.

3.7.Коомго жат жүрүм-турумунун айынан андан ары иштөөсү мүмкүн болбогон ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү мекеменин коомдук кесиптик комитетинин макулдугу боюнча ЖАМУнун ректорунун буйругу менен кызматынан бошотулат.

3.8. Окутуучу менен түзүлгөн эмгек келишими аттестациянын жыйынтыгы менен бузулушу мүмкүн.